# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНА КАРАШТУУ СОТ ДЕПАРТАМЕНТИНИН СОТ ПРИСТАВДАРЫ КЫЗМАТЫНЫН ИШИНИН ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК БАЗАСЫ. СОТ ПРИСТАВДЫН УКУКТУК СТАТУСУ.

**И.М. Айтбаева**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектебинин окутуучусу**

**МАЗМУНУ**

ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК БАЗА. . . . . . . . . . . . . . . 3

МОДУЛДУН МАКСАТТАРЫ. . . . . . . . . . . . . . . . . 4

1.Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментинин түзүмдүк бөлүнүшү катары, Кыргыз Республикасынын Сот департаментинин сот приставдар кызматынын ишин уюштурууну жана контролдоону башкаруу . . . . . . . . . . . . . . . . . 6-8

2. Кыргыз Республикасынын Сот департаментинин сот приставдар кызматынын ишинин ченемдик-укуктук базасы. . . . . . . . . 8-9

3. Сот приставдын укуктук макамы . . . . . . .. . . . .10-28

3.1. Сот приставынын кызмат ордуна дайындалуучу адамга коюлуучу талаптар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 9-10

3.2. Сот приставдын милдеттери жана укуктары . . . . . . . 10-13

3.3. Кызматчылардын этикалык ченемдерди сактоосу . . . . . . 14-18

3.4. Мамлекеттик кызматкер катары сот приставдын социалдык кепилдиктери . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 18-21

3.5. Мамлекеттик кызматкер катары соттук приставдын жоопкерчилиги. . . . . . . . . . . . . . . . . . . 22-31

4. Сот приставдын процесске катышуусу . . . . . . . . . . 31-38

4.1. Сот приставдардын кылмыш-жаза процессине катышуусу . .31-37

4.2. Сот приставдын жарандык жана административдик процесске катышуусу . . . . . . . . . . . . . . . . . 37-38

КОНТРОЛДУК СУРООЛОР . . . . . . . . . . . . . . 39

**ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК БАЗА**

1. Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 5-августундагы № 164 “Сот приставдар жөнүндө” Мыйзамы;

2. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы, 2023-жылдын 25-январындагы № 14 редакциясында;

3. Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 12-декабрындагы № 206 (11) «Кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө» Мыйзамы;

4. Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 21-июлундагы № 57 «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Мыйзамы, 2021-жылдын 29-ноябрындагы № 142 редакциясында;

5. Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 20-июлундагы № 241 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамы, 2020-жылдын 3-апрелиндеги №33 редакциясында;

6. 2022-жылдын 6-июнундагы № 41 Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

7. 2017-жылдын 2-февралындагы № 20 Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси, 2021-жылдын 22-июлундагы 87 мыйзамдын редакциясында;

8. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2008-жылдын 21-апрелиндеги ПЖ № 143 «Кыргыз Республикасынын Сот департаменти жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун алдындагы судьялардын окуу борбору жөнүндө» Жарлыгы (2014-жылдын 5-ноябрындагы № 201 ПЖ Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгынын редакциясында);

9. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун пленумунун 2003-жылдын 27-сентябрындагы № 15 «Кыргыз Республикасынын соттору тарабынан кызматтык кылмыштар үчүн жоопкерчилик жөнүндө мыйзамдарды колдонуунун айрым маселелери жөнүндө» токтому;

10. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 16-майындагы № 252 токтому менен бекитилген, Мамлекетке материалдык зыян келтирген мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылардын маалыматтык базасын жүргүзүү жана материалдык зыяндын ордун толтуруу тартиби;

11. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-декабрындагы № 738 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген “Республикалык бюджеттик каражаттарынын эсебинен каржыланган уюмдар тарабынан жумушкерлердин башка жерге ишке которулгандыгына

байланыштуу алардын чыгымдарынын ордун жабуу тартиби”, 2021-жылдын 3-декабры № 289 КР Министрлер кабинетинин токтомунун редакциясында;

12. 2008-жылдын 26-августундагы № 471 Өкмөттүн токтому менен бекитилген, «Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө» , 2016-жылдын 11-майындагы № 241 Өкмөттүн токтомунун редакциясында;

13. КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 26 августундагы № 152 токтомунун редакциясына ылайык, КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы №434 Расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндө жобо;

14. КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы № 434 токтому менен бекитилген, Убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча жөлөкпулду, кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндө жобо, КР Өкмөтүнүн жана Министрлер Кабинетинин 2020-жылдын 24-августундагы № 433, 2022-жылдын 31-майындагы № 284 токтомдорунун редакциясына ылайык;

15. Кыргыз Республикасынын Соттор кеңешинин 2022-жылдын 14-январындагы чечими менен бекитилген, 2022-жылдын 31-январындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаменти жөнүндө жобо;

16. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 29-декабрындагы № 356 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык териштирүүнү уюштуруу жана жүргүзүү тартиби жөнүндө жобо;

17. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2016-жылдын 30-декабрындагы ПЖ № 308 Жарлыгы менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына класстык чендерди ыйгаруунун, төмөндөтүүнүн жана ажыратуунун тартиби жөнүндө жобо, КР Президентинин 2019-жылдын 2-августундагы ПЖ № 101, 2022-жылдын 28-февралындагы ПЖ № 65 Жарлыктарына ылайык;

18. КР Президентинин 2016-жылдын 30-декабрындагы ПЖ № 308 «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү кээ бир маселелер жөнүндө» Жобосу, КР Президентинин 2022-жылдын 28-февралындагы ПЖ № 65 Жарлыгынын редакциясына ылайык;

19. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин 2018-жылдын 31-декабрындагы № 797 буйругу менен бекитилген Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу тартибине каршы бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү уюштуруу боюнча Нускама.

20. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин Директорунун 2022-жылдын 7-мартындагы № 132 буйругу менен бекитилген, Сот приставдары кызматынын ишин уюштуруу жана контролдоо башкармалыгы-сот приставдарынын адистештирилген кызматы жөнүндө Жобосу.

**МОДУЛДУН МАКСАТТАРЫ**

Модул семинардын катышуучуларын сот приставдар кызматынын ишинин ченемдик-укуктук базасы, сот приставдын укуктук статусу боюнча зарыл болгон билимдерге окутууга жана практикалык ишинде билимдерин колдонуу көндүмдөрүнө багытталган.

Аталган курстун аякташы менен катышуучулар төмөнкүлөрдү аткара алышат:

- Ченемдик укуктук базага аныктама берүүгө;
- Ченемдик-укуктук базаны атап берүүгө:
- ✓ Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун алдындагы Сот департаментинин ишинин;
- ✓ Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун алдындагы Сот департаментининсот приставдаркызматынын ишинин.
- Сот приставдын укуктук макамы жөнүндө айтып берүүгө:
    - ✓ сот аткаруучуга коюлган талаптар жөнүндө;
    - ✓ анын укуктары жөнүндө;
    - ✓ анын милдеттери жөнүндө.
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментинин сот приставдар кызматынын түзүмүн сүрөттөп берүүгө;
- Жазык процессиндеги сот приставдын милдеттерин сүрөттөп берүүгө;
- айыптоо,
- коргоо,
- жазык сот өндүрүшүнө катышкан, башка жактар тарабынан жазык сот өндүрүшүнө катышкан, жактарды атап берүүгө;
- кызматтык милдеттерди аткарууда сот приставга карата колдонулуучу коопсуздук чаралары жөнүндө айтып берүүгө;
- сот приставга колдонулуучу жоопкерчилик чараларын классификациялап берүүгө;
- аны сактоо соттук приставга жүктөлгөн, адеп-ахлактык жана моралдык-этикалык ченемдерди мүнөздөп берүүгө.

## 1.КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНА КАРАШТУУ СОТ ДЕПАРТАМЕНТИНИН ТҮЗҮМДҮК БӨЛҮМҮ КАТАРЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОТ ДЕПАРТАМЕНТИНИН СОТ ПРИСТАВДАРЫ КЫЗМАТЫНЫН ИШИН УЮШТУРУУНУ ЖАНА КОНТРОЛДООНУ БАШКАРУУ

2008-жылдын 21-февралындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Сот департаменти Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин карамагынан чыгарылып жана Кыргыз Республикасынын Сот департаментине кайра түзүү менен, Кыргыз Республикасынын сот бийлиги бутагынын тутумуна киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти ишти уюштуруучулук, материалдык-техникалык жана башка камсыз кылууну жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган болуп саналат:

- жергиликтүү соттордун,
- соттук өзалдынча башкаруу органдарынын,
- аткаруу документтерин жана мыйзамдарда каралган башка актыларды реалдуу, толук жана өз убагында аткарууну камсыз кылган Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги иштери боюнча кеңешинин, ошондой эле сот адилеттигин толук жана көз карандысыз жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган башка мүнөздөгү аракеттерди жүзөгө ашырат (КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти жөнүндө Жобонун 2-п.).

Өз ишинде Сот департаменти Кыргыз Республикасынын судьялар Кеңешине отчет берет (КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти жөнүндө Жобонун 4-п.).

**Сот департамент жана анын облустук башкармалыктары юридикалык жак болуп саналат, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн мөөрү бар, мамлекеттик жана расмий тилдердеги өзүнүн аталышы менен, мыйзамдарга ылайык юридикалык жактын укуктарына, милдеттерине жана жоопкерчилигине ээ (КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти жөнүндө Жобонун 5-п.).**

2011-жылдын 22-январындагы № 1 «Коомдук коопсуздукту камсыздоо жана республиканын мамлекеттик чек араларын бекекмдөө боюнча

кечиктирилгис чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Коргоо Кеңешинин чечими менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту менен биргеликте төмөнкү максаттарда сот органдарынын имараттарын коргоону, сот отурумдарды өткөрүүнүн жана судьялардын ишинин коопсуздугун камсыздоо боюнча чаралардын комплексин өткөрүү тапшырылган:

- **соттордун ишинин беделин бекемдөө жана көз карандысыздыгын камсыздоо;**
- **сот адилеттигин жүзөгө ашыруу жана сот адилеттигин жүзөгө ашырууга байланыштуу судьяларга, сот процессинин башка катышуучуларына, соттук актыларды мажбурлап аткарууда сот аткаруучуларга карата коркутуу учурларын жана зомбулук аракеттерди жокко чыгаруу үчүн талаптагыдай шарттарды түзүү.**

Кыргыз Республикасынын «Сот приставдары жөнүндө» 2016-жылдын 5-августундагы № 164 мыйзамы кабыл алынган, ушуга байланыштуу Сот департаментинин түзүмүндө КР Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментинин сот приставдар кызматынын ишин уюштуруу жана контролдоо башкармалыгы түзүлгөн.

Анын иши 2022-жылдын 7-мартындагы № 132 Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментинин буйругу менен бекитилген, сот приставдар кызматы – адистештирилген сот приставдар кызматынын ишин уюштуруу жана контролдоо башкармалыгы жөнүндө жобо менен жөнгө салынат.

2017-жылдын 16-февралында Кыргыз Республикасынын Соттор кеңеши **Кыргыз Республикасынын «Сот приставдары жөнүндө» Мыйзамынын 5-беренесинин 2-пунктуна ылайык сот приставдары кызматынын мамлекеттик кызматчыларынын түзүмү жана штаттык саны жөнүндө чечим кабыл алган, ага ылайык ыйгарым укуктуу органдын мамлекеттик кызматчыларынын жалпы штаттык санынын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы менен белгиленген чектин алкагында, сот приставдарбөлүнүштөрүнүн түзүмүн жана штаттык ырааттамасын Кыргыз Республикасынын Соттор кеңеши менен макулдашуу боюнча ыйгарым укуктуу органдын (КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти) жетекчиси бекитет.**

**Сот приставдары кызматынын ишин уюштуруу жана контролдоо башкармалыгынын милдеттерине төмөнкүлөр кирет:**

- сот приставдардын ишин уюштуруу;

- координацияны жүзөгө ашыруу жана сот приставдары кызматынын аймактык бөлүнүштөрүнүн ишин контролдоо;
- сот приставдардын иш чөйрөсүнө таандык ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу;
- сот приставдардын кадрларын окутуу, алардын кесиптик жана атайын даярдыгын жогорулатуу;
- сот приставдардын иш практикасын жалпылоо, методикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу;
- сот приставдары кызматынын аймактык органдарынын отчетторун кабыл алуу;
- сот приставдары кызматынын аймактык органдарынын ишин алардын ишинин маселелери боюнча уюштуруучулук жана методикалык жетектөөнү камсыздоо;
- курал-жарактарга, ок-дарыларга жана атайын каражаттарга жарым жылда бир жолу инвентаризация жүргүзүү;
- сот  приставдарга карата кызматтык иликтөө жүргүзүү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка милдеттерди ишке ашыруу (өткөрүү боюнча ишти уюштуруу (Сот приставдары кызматынын ишин уюштуруу жана контролдоо башкармалыгы жөнүндө Жобонун 2-пункту).
  Милдеттердин тизмеси чексиз.

Башкармалыктын ыйгарым  укуктары милдеттерде  көрсөтүлгөндөй эле. Кошумча көрсөтүлгөн:

- Сот приставдары кызматынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча жетекчиликке сунуштарды СПКнын ишин жакшыртууга көмөк көрсөтүүчү жана башка сунуштарды киргизет;
- Сот приставдары тарабынан атайын даярдыктан, аскердик-дарыгердик экспертизадан өтүүнү, ошондой эле күч, атайын каражаттарды жана ок атуучу куралды колдонуу менен байланышкан шарттарда иш-аракеттерге жарактуулугун мезгил-мезгили менен (үч жылда бир жолудан кем эмес) текшерүүнү уюштурат;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку соту, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, соттук өз алдынча башкаруу органдары, жергиликтүү соттор, САКБ, башка мамлекеттик органдар жана мекемелер менен өз ара аракеттенет;
- аймактык бөлүнүштөрдө курал жүгүртүү эрежелерин сактоо боюнча чараларды ишке ашырат;
- жарандарды жана уюмдардын өкүлдөрүн кабыл алууну уюштурат;

- ведомстволор аралык координацияны камсыз кылат жана кеңешүүчү жана консультациялык органдарды түзөт;
- мамлекеттик бийлик органдарынын суроо-талаптарын карайт;
- КР Жогорку Сотуна караштуу ун алдындагы Сот департаментинин бөлүмдөрүнүн түзүмүнөн, ошондой эле мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, башка уюмдардан материалдарды сурайт;
- сот приставдарынын, ошонжой эле СПКнын соттордун имараттарында жана жайларында кызмат өтөөсүн контролдойт, кемчиликтерди четтетүү боюнча токтоосуз чараларды көрөт.

Бул ыйгарым укуктардын тизмеси да чексиз.

**Өз ишинде Башкармалык Кыргыз Республикасынын Башкы сот приставына жана КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин директоруна отчет берет.**

Башкы сот приставы кызмат ордуна Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши менен макулдашылган ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы тарабынан дайындалат жана бошотулат.

Башкы сот приставы ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин орун басары болуп саналат жана республиканын сот приставдары кызматын башкарат.

Областтардын, Бишкек шаарынын улук сот приставдары кызмат ордуна Башкы сот приставынын сунушу боюнча ыйгарым укуктуу органдын жетекчиси тарабынан дайындалат жана бошотулат.

Аймактык бөлүмдөрдөгү (райондордогу, шаарлардагы жана райондор аралык түзүмдөрдөгү) улук сот приставдары, сот приставдарын кызмат ордуна Бишкек шаарынын жана тиешелүү областтардын улук сот приставдарынын сунушу боюнча Башкы сот приставы тарабынан дайындалат жана бошотулат. («Сот приставдары жөнүндө» Мыйзамдын 6-беренеси).

**Башкармалыктын кызматкерлери мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте кызматка дайындалуучу жана бошотулуучу мамлекеттик кызматкер болуп саналат, ушуга байланыштуу аларга мамлекеттик кызматты жөнгө салган мыйзамдар жайылтылат.**

## 2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОТ ДЕПАРТАМЕНТИНИН СОТ ПРИСТАВДАРЫ КЫЗМАТЫНЫН ИШИНИН ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК БАЗАСЫ

Ченемдик-укуктук база бул:

- расмий жазуу жүзүндөгү документтердин (чыгарылган) жыйындысы;

- белгилүү бир формага ээ;

- укук жаратуучу орган тарабынан чыгарылат.

Ченемдик-**укуктук** акт (ЧУА) - бул,

- ченем жаратуучу орган тарабынан белгилүү бир түрдө (чыгарылган) кабыл алынган,
- анын компетенциясынын алкагында,
- укуктук ченемдерди белгилөөгө, өзгөртүүгө жана жокко чыгарууга багытталган расмий **документ.**

Укук чыгаруучу орган - **өзүнө берилген ыйгарым укуктарга ылайык ченемдик укуктук актыларды чыгарууга ыйгарым укук берилген мамлекеттин органы.**

Укук чыгаруучу органдарга төмөнкүлөр кирет:

1) мамлекеттик мыйзам чыгаруу бийлик органдары (КР Жогорку Кеңеши);
2) тигил же бул ченемдик укуктук актыны Конституцияга карама-каршы келет деп тааныган Конституциялык сот;
3) жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы;
4) юридикалык жактын ичиндеги ишти жөнгө салуучу укук ченемдерин чыгаруучу юридикалык жактардын башкаруу органдары.

*Мисалы: өндүрүштөгү кайгылуу кырсыктын натыйжасында ден соолукка келтирилген зыяндын ордун толтурууну жөнгө салган ченемдик-укуктук база, эмгекке болгон укукту билдирген КР Конституциясын, ар кандай түрдөгү эмгектик жаракаттар боюнча жумушчу менен жумуш берүүчүнүн ортосундагы мамилени жөнгө салган КР Эмгек кодексин, өндүрүштөгү кайгылуу кырсык жөнүндө актыларды түзүү, жөлөк пулдарды дайындоо, жөлө пулдарды төлөө тартиби ж.б. тууралуу ар кандай түрдөгү жоболор жана нускамаларды өзүнө камтыйт.*

**Юридикалык күчүнүн деңгээли боюнча  ченемдик укуктук актылар төмөнкүдөй иерархияда жайгашат:**

- **Конституция,**
- **Конституцияга өзгөтүүлөрдү жана толуктоолорду киргизген мыйзам;**
- **Конституциялык мыйзам;**
- **Кодекс,**
- **Мыйзам;**
- **Президенттин жарлыгы;**
- **Жогорку Кеңештин токтому;**
- **Өкмөттүн токтому;**
- **Улуттук банктын, шайлоолорду жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын актылары;**
- **Ченем жаратуу ыйгарым укуктарды өкүлдөө актылары менен ылайык, ченемдик укуктук актыларды чыгарууга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ченемдик укуктук актылары;**
- **Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын ченемдик укуктук актылары («Ченемдик укуктук актылар жөнүндө» КР Мыйзамынын 6-беренеси).**

***Кыргыз Республикасынын сот приставдарынын иши төмөнкү ченемдик-укуктук жана мыйзам алдындагы актылар менен жөнгө салынат:***

- Конституция,
- КР Кылмыш-жаза кодекси,
- КР бузуулар жөнүндө кодекси
- КР Жарандык-процесстик кодекси,
- КР Административдик-процесстик кодекси,
- «Сот приставдары жөнүндө»  05.08.2016-жылдагы № 164 Кыргыз Республикасынын мыйзамы,
- «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» 2016-жылдын 30-майындагы № 75 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы,
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары жана буйруктары,
- Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин токтомдору жана буйруктары,

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун төрагасынын буйруктары жана тескемелери,
- Соттук өзүн-өзү башкаруу органдарынын чечимдерин,
- «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот департементи жөнүндө» жобо менен,
- Сот приставдары кызматынын ишин уюштуруу жана контролдоо башкармалыгы-сот приставдарынын адистештирилген кызматы жөнүндө жобо менен;
- Сот департаментинин, сот притсавдары кызматынын буйруктары жана башка ченемдик укуктук актылар менен (КР ЖС карагштуу Сот департаменти жөнүндө жобонун 3-бер., Сот притсавдар кызматынын ишин уюштурууну жана контролдоону башкаруу жөнүндө жобонун 1.2.-бер. )

## 3. СОТТУК ПРИСТАВДЫН УКУКТУК МАКАМЫ

Укуктук макам – бул субъекттин коомдогу юридикалык бекитилген абалы, ал анын укуктарынын жана милдеттеринин белгилүү бир комплексинде билдирилет. Ал инсандын жана коомдун, жарандын жана мамлекеттин айлана чөйрөдөгүлөр менен өзүнчө инсандын юридикалык жактан тариzделген өз ара мамилелерин чагылдырат. Анда инсандын эркиндигинин легалдуу чектери, анын укуктарынын, милдеттеринин көлөмү, башка укуктук мүмкүнчүлүктөр жана жоопкерчилик билдирилет.

**Укуктук макам жалпы, атайын жана жекече болуп бөлүнөт.**

**Жалпы –** бул КР Конституциясында бекитилген, мамлекеттин жараны катары жактын макамы. Ал КР бардык жарандары үчүн бирдей болуп саналат.

**Атайын макам** жарандардын белгилүү бир категориясынын абалынын өзгөчөлүктөрүн бекитет (студенттердин, согуштун катышуучуларынын, бизнесмендердин, адвокаттардын ж.б.), алардын атайын функцияларынын аткарылышынын мүмкүндүгүн камсыздайт.

**Жекече макам** өзүнчө жактын конкретикасын билдирет (жынысын, курагын, үй бүлөлүк абалын, кызмат ордун, стажысын ж.б.) жана инсандын жекелештирилген укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысын түшүндүрөт.

**3.1. Сот приставынын кызмат ордуна дайындалуучу адамга койулуучу талаптар**

Төмөнкү жарандар сот приставы боло алат:

1) башка мамлекеттин жарандыгы жок Кыргыз Республикасынын жараны;

2) жыйырма бир жашка чыккандар;

3) жогорку билими барлар, ал эми улук жана Башкы сот приставы үчүн - жогорку юридикалык билими барлар;

4) өзүнүн иштиктүү жана жеке сапаттары, ошондой эле ден соолугу боюнча жүктөлгөн милдеттерди аткарууга жөндөмдүү, аскердик-врачтык комиссиядан жана атайын текшерүүдөн өткөндөр.

**Сот приставынын кызмат ордуна тыюу салуулар.**

Сот приставынын кызмат ордуна төмөнкү адамдар дайындалбайт:

1) соттуулугу жоюлганына же алып салынганына карабастан, жазык кылмышы үчүн мурда соттолгондор;

2) эскирүү мөөнөтү өтүп кеткендиги үчүн, жабырлануучунун жекече же жекече-ачык айыптоодон баш тартуусуна байланыштуу жана (же) жабырлануучу менен элдешүүгө жетишилгенде, мунапыс жөнүндө актынын натыйжасында жазык куугунтугу жүзөгө ашырылып жатканга же жазык куугунтугу токтотулганга карата;

3) Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн жана башка аскер түзүлүштөрүнүн катарында аскердик кызматтан же запастагы офицерлердин программасы же болбосо үй-бүлөлүк абалынан улам келип чыккан негиздер боюнча альтернативдүү (аскерден тышкары) кызматтын программалары боюнча аскердик даярдыктан өтпөгөндөр (бул талаптар аялдарга жайылтылбайт);

4) мамлекеттик же муниципалдык кызматтан жана укук коргоо органдарындагы кызмат ордунан терс негиздер боюнча чыгарып салынгандар же бошотулгандар.

Талапкерге, анын туугандарына жана жакын байланыштарына тиешелүү маалыматтарды тактоо максатында улуттук коопсуздук, ички иштер, саламаттык сактоо органдарына жана башка мамлекеттик органдарга тиешелүү суроо-талаптарды жөнөтүү жолу менен атайын текшерүү жүргүзүлөт.

Кызмат ордуна киришүүдө сот приставы "Сот приставы жөнүндө" КР мыйзамы менен белгиленген мазмундагы ант берет. Антты сактоо сот приставынын кызматтык тартибинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**Сот приставынын милдеттери:**

1) сот жыйналышы убагында имаратта, залдарда жана жайларда, ошондой эле көчмө сот жыйналышы өткөрүлүп жаткан имараттарда жана жайларда коомдук тартипти камсыз кылуу жана сактоо;

2) процесстик иш-аракеттерди аткарууда сотко көмөктөшүү;

3) аткаруу иш-аракеттерин жасап жаткан учурда соттук аткаруучуларга көмөктөшүү;

4) соттордун имараттарын жана жайларын, сот приставдары кызматынын имараттарын жана жайларын, ошондой эле көчмө сот жыйналышы өткөрүлүп жаткан имараттарды жана жайларды кайтарууну камсыз кылуу;

5) судьяларды, сот арачыларын жана процесстин башка катышуучуларын кайтарууну, ошондой эле соттук аткаруучуларды жана аткаруу иш-аракеттерине катышкан адамдарды ушул иш-аракеттерди жасап жаткан мезгилде кайтарууну камсыз кылуу.

Сот приставы - мамлекеттик кызматта турган жана ага "Сот приставы жөнүндө" КР Мыйзамы менен жүктөлгөн милдеттерди аткаруучу кызмат адамы.

Сот приставы бийликтин өкүлү болуп саналат жана кызматтык милдеттерин аткарууда мамлекеттин коргоосунда турат жайылтылат ("Сот приставы жөнүндө" КР мыйзамынын 1-беренеси).

**Сот приставына Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат жөнүндө мыйзамдарында белгиленген чектөөлөр, тыюу салуулар жана милдеттер жайылтылат ("Сот приставы жөнүндө" КР мыйзамынын 4-беренеси). Буга жараша соттук приставга «Мамлекеттик кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамынын талаптары жайылтылат.**

## 3.2. Сот приставдын кесиптик милдеттери жана укуктары ("Сот приставы жөнүндө" КР мыйзамынын 9-беренеси)

"Сот приставы жөнүндө" КР мыйзамынын 9-беренесинде сот приставынын, 7-беренесинде башкы сот приставдын жана 8-беренесинде улук сот приставынын ыйгарым укуктары көрсөтүлгөн.

| Сот приставынын укуктары | Сот приставынын милдеттери |
|---|---|
| 1) жарандардан жана кызмат адамдарынан коомдук тартипти сакташын, укук бузууларды жана иш-аракеттерди токтотушун талап кылууга; мыйзамдуу талаптарды | 1) сотто, ал эми айрым процесстик иш-аракеттерди аткарууда соттун имаратынан, жайынан тышкары жерде судьялардын, сот арачыларынын жана сот процессинин |

| | |
|---|---|
| аткарбаган учурда ушул Мыйзамда каралган мажбурлоо жана бөгөт коюу чараларын колдонууга; | башка катышуучуларынын коопсуздугун камсыз кылууга; |
| 2) аткаруу аракеттерин көрүүдө коопсуздукту камсыз кылуу максатында аткаруу өндүрүшүн жөнгө салган мыйзамда каралган учурларда жана тартипте соттук аткаруучу менен бирдикте аймактарга, жайларга кирүүгө; | 2) судьянын тапшырмасы боюнча жазык, жарандык жана башка иштерди жана материалдарды, ошондой эле буюм далилдерин жеткирүүнүн коопсуздугун камсыз кылууга; |
| 3) соттордун имараттарында, жайларында, көчмө сот жыйналышы өткөрүлүп жаткан имараттарда жана жайларда, сот приставдары кызматынын имараттарында жана жайларында болгон адамдардын инсандыгын күбөлөндүрүүчү документтерин текшерүүгө; | 3) соттордун имаратында, жайларында, ошондой эле көчмө сот жыйналышы өткөрүлүп жаткан имараттарда жана жайларда коомдук тартипти сактоого; |
| 4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте соттордун имараттарында, жайларында, көчмө сот жыйналышы өткөрүлүп жаткан имараттарда жана жайларда, сот приставдары кызматынын имараттарында жана жайларында болгон адамдарды жеке карап чыгууга, ошондой эле алардын жанындагы буюмдарында курал-жарактын, ок-дарылардын, жарылуучу заттардын, жарылуучу түзүлүштөрдүн, баңги каражаттарынын же психотроптук заттардын жана коопсуздукка коркунуч туудуруучу башка буюмдардын, заттардын жана каражаттардын бар-жогун карап чыгууга; | 4) соттун имаратында, жайларында, ошондой эле көчмө жыйналыш өткөрүлүп жаткан имараттарда жана жайларда ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга ары-бери жүрүүгө көмөк көрсөтүүгө; |
| 5) соттун имаратына, жайларына, көчмө сот жыйналышы өткөрүлүп жаткан имаратка жана жайларга, сот | 5) соттун төрагасынын, сот жыйналышында төрагалык кылган судьянын коомдук тартипти камсыз |

| | |
|---|---|
| приставдары кызматынын имараттарына жана жайларына жеке текшерип кароодон баш тарткан адамдарды, ошондой эле жанында коопсуздукка коркунуч туудурган буюмдарды, заттарды жана каражаттарды алып жүргөн адамдарды киргизбөөгө, ушундай буюмдарды, заттарды жана каражаттарды алып коюуга, көрсөтүлгөн адамдарды кармоого жана аларды ички иштер органдарына өткөрүп берүүгө; | кылуу боюнча тескемесин аткарууга; |
| 6) административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүш жүргүзүүдө мыйзамдуулукту камсыз кылуу чараларын көрүүгө жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү Кыргыз Республикасынын административдик укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарында каралган тартипте жүзөгө ашырууга; | 6) соттун жана сот приставдары кызматынын имаратын, жайларын кайтарууну жүзөгө ашырууга; |
| 7) кызматтык милдеттерин аткарууда ички иштер органдарынын, коопсуздук кызмат органдарынын, калкты жана аймактарды өзгөчө кырдаалдардан сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу органдардын, мамлекеттик бийликтин башка органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерине, ошондой эле аскер кызматкерлерине көмөктөшүүнү сурап кайрылууга; | 7) чечим кабыл алынган учурда кызматтык милдеттерин аткарууда соттук аткаруучулардын жана ыйгарым укуктуу органдын башка кызмат адамдарынын коопсуздугун камсыз кылууга; |
| 8) ушул Мыйзамда каралган учурларда жана тартипте күчтү, атайын каражаттарды жана ок атуучу куралдарды колдонууга. | 8) кызматтык милдеттерин аткарууда кылмыштардын жана укук бузуулардын алдын алууга жана бөгөт коюуга, укук бузуулар жөнүндө |

| | |
|---|---|
| | протокол түзүүгө, ал эми зарыл болгон учурда укук бузуучуларды кармоого жана ички иштер органдарына өткөрүп берүүгө; |
| | 9) камакка алынган адамдарды коштоону жана (же) кайтарууну жүзөгө ашырган ички иштер органдарынын кызматкерлери, аскер бөлүктөрүнүн (бөлүмдөрдүн) аскер кызматчылары жана башка адамдар менен кайтарылуучу адамдарды кайтаруу жана алардын коопсуздук маселелери боюнча өз ара аракеттенүүгө; |
| | 10) мамлекеттик жана мыйзам менен корголуучу башка сырларды сактоого, ошондой эле кызматтык милдеттерди аткарууга байланыштуу аларга белгилүү болгон, жарандардын жеке турмушуна, кадыр-баркына жана ар намысына тиешелүү маалыматтарды, башка купуя маалыматтарды жарыя кылбоого; |
| | 11) кесиптик жана атайын даярдыктан, аскердик-врачтык комиссиядан, ошондой эле күчтү, атайын каражаттарды жана ок атуучу куралдарды колдонууга байланышкан шарттарда иш-аракеттерге жарамдуулугун ырастаган мезгилдүү текшерүүдөн (жылына бир жолудан кем эмес) өтүүгө; |
| | 12) ушул Мыйзамда, мамлекеттик кызмат жөнүндө мыйзамдарда, ошондой эле аларга ылайык кабыл алынган ченемдик укуктук актыларда, сот бийлик органдарынын ички ишинин маселелерин жөнгө салуучу актыларда каралган башка милдеттерди жүзөгө ашырууга. |

**Мажбурлоо жана бөгөт коюу чаралары**

Сот приставдары колдоно турган мажбурлоо жана бөгөт коюу чараларына төмөнкүлөр кирет:

1) укукка каршы жосундарды токтотуу жөнүндө талап;

2) укукка каршы аракеттерге жол бербөө жөнүндө эскертүү;

3) инсандыгын тастыктаган документтерди текшерүү;

4) жарандардын буюмдарын карап чыгууга жана өзүн карап чыгууга;

5) кылмыш жасоонун куралы же административдик укук бузуунун тикелей объектиси болгон предметти алып коюу;

6) судьялардын, сот арачыларынын, сот жыйналышынын катышуучуларынын, соттун аппаратынын кызматкерлеринин жана жарандардын ден соолугун, өмүрүн, мүлкүн коргоо максатында тартип бузгандарды сот жыйналышында төрагалык кылуучунун же тиешелүү соттун төрагасынын тескемеси боюнча сот жыйналышынын залынан, соттун имаратынан же жайынан чыгарып салуу;

7) тикелей күч колдонуу;

8) соттун белгиленген тартибин жана ишин бузган массалык тартипсиздиктерди жана топтошкон аракеттерди болтурбоо үчүн атайын каражаттарды (желим таяктарды, көздөн жаш агызуучу газды, кол кишендерди жана ушул сыяктууларды) колдонуу;

9) өзгөчө учурларда уюштуруу-укуктук түрүнө жана менчигинин түрүнө карабастан, жарандардан жана уюмдардан куралдарды, ок-дарыларды, уулуу заттарды кайра берүү үчүн убактылуу алып коюу;

10) административдик укуктарды бузган адамдарды административдик кармоо;

11) мыйзамга каршы келбеген башка мажбурлоо жана бөгөт коюу чаралары (“Сот приставдары жөнүндө” Мыйзамдын 10-беренеси).

**Сот приставынын чечимдери, аракеттери (аракетсиздиги) “Сот приставдары жөнүндө” Мыйзамдын 16-бер. ылайык сот приставдары кызматынын бөлүмүнүн улук сот приставына же тиешелүү областтын улук сот приставына, Башкы сот приставына же сотко даттанылышы мүмкүн.**

**Даттануу менен жогору турган кызмат адамына кайрылуу сотко кайрылуу үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.**

**Областтын жана Бишкек шаарынын, сот приставдар кызматынын бөлүмдөрүнүн башкы сот приставынын, улук сот приставынын ыйгарым укуктары (“Сот приставдары жөнүндө” Мыйзамдын 7-8-бер.)**

| Областтын жана Бишкек шаарынын улук сот приставы | Райондун улук сот приставы |
|---|---|
| 1) сот приставдарына жүктөлгөн милдеттерди аткаруу боюнча тиешелүү аймакта сот приставдар кызматынын бөлүмдөрүнүн ишине тикелей жетекчиликти, контролдоону жүзөгө ашырат жана алардын ишин уюштурат; | 1) сот приставдары кызматынын бөлүмүнүн ишин уюштурат; |
| 2) сот приставдарына жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн соттордун төрагалары, сот приставдары кызматынын бөлүмдөрүнүн улук сот приставдары менен өз ара аракеттенет; | 2) сот приставдарына жүктөлгөн милдеттерди аткаруу боюнча сот приставдарынын баш ийүүсүндөгү иштерди уюштурат жана контролдойт; |
| 3) сот приставдары кызматынын ишин уюштуруу маселелери боюнча буйруктарды, тескемелерди чыгарат; | 3) соттун имараттарын, жайларын күнү-түнү күзөтүү жөнүндө чечим кабыл алынган учурда ушундай күзөттү уюштурат; |
| 4) сот приставдары кызматынын бөлүмүнүн улук сот приставынын, сот приставынын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келбеген чечимин же аракетин жокко чыгарууга же өзгөртүүгө укуктуу; | 4) сот приставдарына жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн соттордун төрагалары менен өз ара аракеттенет; |
| 5) мамлекеттик жана муниципалдык органдардын, уюмдардын ишин ведомстволор аралык координациялоону камсыздайт, бул максаттарда кеңеш берүүчү жана консультациялык органдарды түзүүгө, статистикалык жана башка зарыл маалыматтарды | 5) республиканын жана тиешелүү аймактардын сот приставдары кызматынын имараттарын, жайларын күзөтүү боюнча иштерди уюштурат; |

| | |
|---|---|
| сурап алууга укуктуу; | |
| 6) ушул Мыйзамда, аткаруу өндүрүшүн жөнгө салган мыйзамда, ошондой эле аларга ылайык кабыл алынган башка ченемдик укуктук актыларда, сот бийлигинин органдарынын ички иштеринин маселелерин жөнгө салган актыларда каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат. | 6) сот приставдары кызматынын бөлүмдөрүнүн ишин уюштуруу маселелери боюнча буйруктарды жана тескемелерди чыгарат; |
| | 7) сот приставдары кызматынын бөлүмүнүн кызмат адамынын (сот приставынын) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келбеген чечимин жокко чыгарууга же өзгөртүүгө укуктуу; |
| | 8) сот приставдары кызматынын бөлүмдөрүнүн убактылуу тескөөсүнө келип түшкөн каражаттардын (сот приставдары кызматынын бөлүмдөрүнүн депозиттик эсептерин) эсепке алуу боюнча анын эсебинде болгон акча каражаттарынын тескөөчүсү болуп саналат; |
| | 9) зарыл болгон учурда сот приставынын милдеттерин аткарат; |
| | 10) соттук аткаруучуларга көмөк көрсөтөт; |
| | 11) ушул Мыйзамда, аткаруу өндүрүшүн жөнгө салган мыйзамда, ошондой эле аларга ылайык кабыл алынган башка ченемдик укуктук актыларда каралган башка ыйгарым |

**Башкы сот приставынын ыйгарым укуктары**

1) сот приставдарына жүктөлгөн милдеттерди аткаруу боюнча сот приставдары кызматынын ишине жалпы жетекчиликти жана контролдоону жүзөгө ашырат;

2) сот приставдары кызматтарынын ишин уюштуруу маселелери боюнча буйруктарды, тескемелерди чыгарат;

3) өзүнүн компетенциясынын чегинде мамлекеттик жана муниципалдык органдар, анын ичинде укук коргоо органдары менен, ошондой эле эл аралык уюмдар жана менчигинин түрүнө карабастан башка уюмдар менен өз ара аракеттенүүнү жана ишти ведомстволор аралык координациялоону камсыз кылат, ушул максатта кеңеш берүүчү жана консультациялык органдарды түзүүгө, статистикалык жана башка зарыл маалыматтарды суратууга укуктуу;

4) сот приставдарына жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон маалымат банкын түзүү жана жүргүзүү тартибин аныктайт;

5) "Сот приставдары жөнүндө" Мыйзамда, ошондой эле аларга ылайык кабыл алынган башка ченемдик укуктук актыларда, сот бийлик органдарынын ички ишинин маселелерин жөнгө салуучу актыларда каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

**3.3. Мамлекеттик кызматчы катары сот приставынын социалдык кепилдиктери.**

**КР "Сот приставдары жөнүндө" Мыйзамы сот приставынын өмүрүнүн жана ишинин камсыздандыруу кепилдиктерин мыйзам менен бекиткен.**

Сот приставдарынын өмүрү жана ден соолугу республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен милдеттүү мамлекеттик камсыздандырылууга тийиш.

Ыйгарым укуктуу орган (КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти) төмөнкү учурларда:

1) сот приставы кызматтык милдеттерин же кызматтык парзын аткарууга байланыштуу кызмат өтөп жаткан мезгилинде курман (каза) болсо же ал жумуштан бошогондон кийин каза болсо, эгерде анын өлүмү сот приставдарынын кызматтык ишине байланыштуу, анын денесине залал келтирилсе же ден соолугуна башка зыян келтирилгендигинен улам болсо, курман (каза) болгондун үй-бүлөсүнө жана анын багуусунда тургандарга мамлекеттик милдеттүү жеке камсыздандыруу каражаттарынан курман (каза) болгондун акыркы ээлеген кызмат орду боюнча, анын жыйырма жылдык эмгек акысы өлчөмүндөгү бир жолу төлөнүүчү жөлөкпул төлөнүп берилет.

Курман (каза) болгондун үй-бүлөсүнө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте жана өлчөмдө ар айлык компенсация төлөнөт;

2) сот приставы кызматтык ишин жүргүзүүгө байланыштуу курман (каза) болсо, курман (каза) болгондун үй-бүлөсүнө жана анын багуусунда тургандарга багуучусунан айрылгандыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пенсия дайындалат;

3) сот приставына анын кызматтык ишине байланыштуу денесине залал келтирилсе же кесиптик иштин иштөө мүмкүнчүлүгүн андан ары болтурбаган ден соолугуна башка зыян келтирилсе, мамлекеттик милдеттүү жеке камсыздандыруу каражаттарынан он жылдык эмгек акы өлчөмүндө бир жолу берилүүчү жөлөкпул төлөнүп берилет;

4) кызмат өтөө мезгилинде алынган жаракатынан, денесине залал келтирүүдөн, оорусунан улам сот приставы кызмат ордунан төмөндөтүлгөндө, ыйгарым укуктуу органдын каражаттарынын эсебинен ал төмөндөтүүнүн алдындагы акыркы кызмат орду боюнча эмгек акы (компенсация) төлөнөт.

Сот приставынын кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу, ага же анын үй-бүлө мүчөлөрүнө таандык мүлктү жок кылуу же бузуу менен келтирилген зыяндын орду, алынбай калган пайданы кошуп алганда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте ага же анын үй-бүлө мүчөлөрүнө толук көлөмдө толтурулуп берилүүгө тийиш.

Сот приставы жана анын үй-бүлө мүчөлөрү мамлекет тарабынан кепилденген пенсия менен камсыздалууга укуктуу (КР “Сот приставы жөнүндө” Мыйзамынын 17-бер.).

**Сот приставын материалдык камсыз кылуу жана социалдык коргоонун башка чаралары**

Сот приставы кызматтык максатта ыйгарым укуктуу орган аныктаган тартипте тиешелүү транспорттук уюмдардан сот приставдарынын кызматтары тарабынан алынуучу шаардык, шаар айланасындагы жана жергиликтүү каттамдагы коомдук транспорттун бардык түрлөрүнө (буга такси кирбейт) жол кире документтери менен камсыз кылынат.

Кызматтык максатта өздүк транспортун колдонгон сот приставына Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген өлчөмдө акчалай компенсация төлөнүп берилет.

Кызматтык иш сапарга жөнөтүлгөн сот приставы кызматтык иш сапардын ырастамасы боюнча транспорттун бардык түрлөрүнө жол жүрүү документтерин кезексиз алууга жана мейманканага жайгашууга укуктуу(КР “Сот приставы жөнүндө” Мыйзамынын 18-бер.).

“Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамы боюнча **Мамлекеттик жарандык кызматчылардын жана муниципалдык кызматчылардын социалдык кепилдиктери.**

1. Кызматчылар кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу

өмүрүнө, ден соолугуна же мүлкүнө зыян келтирилген учурларда, ошондой эле кызмат өтөө мезгилинде ооруга чалдыкканы же эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготкону үчүн Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте мамлекеттик бюджеттин жана башка камсыздандыруу фонддорунун каражаттарынан милдеттүү камсыздандырылууга тийиш.

Кызматчы өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын аткаруу менен байланышкан мертинүүнүн же кесиптик оорунун кесепетинен майып болуп калган учурда, ага беш жүз миң сом өлчөмүндөгү бир жолку компенсация төлөнөт.

Кызматчы өлтүрүлгөн же кесиптик ооруга же ден соолугуна келтирилген мертинүүгө байланыштуу өлгөн учурда анын үй-бүлөсүнө бир миллион сом өлчөмүндөгү бир жолку компенсация төлөнөт.

Кесиптик оорулардын тизмеги Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат (“Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамынын 29-беренеси).

2. Кызматчылар медициналык камсыздандырылууга жатат. Консультация, изилдөө, дарылоо жана реабилитациялоо менен байланышкан кызматчынын бардык чыгымдары медициналык камсыздандыруунун алкагында компенсацияланууга жатат.

Кызматчы менен чогуу жашаган анын үй бүлө мүчөлөрү мамлекеттик жана муниципалдык саламаттыкты сактоо мекемлеринде Министрлер кабинети тарабынан аныкталган тартипте медициналык тейлөө менен пайдаланышат. (“Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамынын 29-беренеси, КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы № 434 токтому менен бекитилген Убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча жөлөк пулду, кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөк пулду берүү тартиби жөнүндө жобо);

3. Ар жылдык төлөнүүчү эмгек өргүүгө укуктуу

Кызматчыга мыйзамдарда белгиленген тартипте жыл сайын ден соолугун чыңдоо үчүн жөлөкпул төлөө менен 30 календардык күнгө созулган акы төлөнүүчү өргүү берилет. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматта жыйындысы боюнча 5, 10, 15 жана 20 жылдан ашык иш стажы болгондо ар жылдык акы төлөнүүчү өргүү тиешелүүлүгүнө жараша 2, 4, 6 жана 8 календардык күнгө узартылат.

Кызматчынын каалоосу боюнча өргүү бөлүп берилиши мүмкүн. Мында биринчи бөлүктүн узактыгы 14 календардык күндөн аз болушу мүмкүн эмес.

Өргүү бүткүл мезгилге же жарым-жартылай тариздelгенине карабастан, акы төлөнүүчү өргүүнүн бүткүл суммасы өргүү тариздelгенде төлөнөт.

Кызматчынын жазуу жүзүндөгү макулдугусуз ал өргүүдөн мөөнөтүнөн мурда чакыртылышы мүмкүн эмес.

Өргүүнүн пайдаланылбаган күндөрү үчүн эс алуудан баш тартылган учурда өргүүнүн пайдаланылбаган күндөрүнө пропорциялуу өлчөмдө компенсациялык сумма төлөнөт.

Айрым учурларда кызматчыга анын жазуу жүзүндөгү арызы боюнча эмгек мыйзамдарына ылайык мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан эмгек акысын сактабастан өргүү берилиши мүмкүн, анын узактыгы кызматчы менен мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин ортосундагы макулдашуу боюнча аныкталат "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамдын 28-беренеси).

4. Кызматчы башка жерге кызматка которулган учурда аларга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-декабрындагы № 738 токтому менен бекитилген "Республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланган уюмдар тарабынан жумушкерлердин башка жерге ишке которулгандыгына байланыштуу алардын чыгымдарынын ордун жабуу тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен белгиленген өлчөмдө жана тартипте жаңы жерге көчүп барууга жана убактылуу турак жайга кеткен чыгымдарга компенсация төлөнөт.

5. Кызматчыларга кызматтык иш сапарларга, анын ичинде чет жерге болгон иш сапарларга кеткен чыгымдардын ордун толтурууга кепилдик берилет. Кызматчыларга мыйзамдар менен каралган, анын ичинде өзгөчө татаал шарттарда иштегендиги үчүн, убактысынан ашык иштегендиги, жумуш эмес, майрам жана дем алыш күндөр үчүн башка да компенсациялар жайылтылат (КР Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтому, КР Эмгек кодексинин 100, 114, 115- беренелери);

6. Кызматчы 2021-жылдын 29-ноябрындагы № 142 редакциясындагы 1997-жылдын 21-июлундагы № 57 "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" КР мыйзамына ылайык пенсия алууга укуктуу. Өлгөн кызматчынын же кызматы токтогондон кийин өлгөндүн сөөгүн коюуда жубайына (жолдошуна) жакын туугандарына, өлгөндүн мыйзамдуу өкүлүнө же сөөк коюу милдетин өзүнө алган башка адамга Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган өлчөмдө сөөк коюуга жөлөк пул берилет: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы №

434 токтому менен бекитилген, Расымдык (сөөк коюуга) жөлөк пулду берүүнүн тартиби жөнүндө жобосу, "Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө" КР Мыйзамынын 31-беренеси).

Расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпул республикалык бюджеттин каражаттарынан төмөнкүдөй өлчөмдөрдө төлөнөт:

1) иштеген адам каза болгондо - орточо айлык эмгек акынын 100 пайызы;
2) орточо айлык эмгек акынын 50 пайызы – иштеген адамдын багуусундагы үй-бүлө мүчөсү каза болгон учурда (Жобонун 10-пункту).

**Мамлекеттик органды, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органын жоюуда же кайра уюштурууда мамлекеттик жарандык кызматчы жана муниципалдык кызматчы үчүн кепилдиктер**

Мамлекеттик органды, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органын жоюуда же кайра уюштурууда, анын штатын кыскартууда, кызматчыга:

- анын кесибин жана квалификациясын эске алуу менен кызмат орундарынын тиешелүү категориясынын чектеринде башка иш сунуш кылынышы керек.
- Бош орун болбогон учурда жана иштен бошотулуп жаткан кызматчы макул болгондо, ага төмөн турган жаңы кызмат ордундагы бүткүл мезгилге мурда иштеген жери боюнча орточо эмгек акысын сактап калуу менен төмөн турган категориядагы башка кызмат орду берилет.

Мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жоюлгандыгына, кайра уюштурулгандыгына же штатынын кыскартылгандыгына байланыштуу бошотууда сунуш кылынган иштен баш тарткан учурда кызматчыга төмөнкүлөр төлөнөт:

1) ээлеген кызмат орду боюнча орточо үч айлык эмгек акысынын өлчөмүндө иштен кетүү жөлөкпулу;

2) эгерде кызматчы бошотулгандан кийин 10 жумуш күндүн ичинде иш менен камсыз кылуу кызматында жумуш издеген адам катары катталган шартта, 3 ай бою мурда ээлеген кызмат орду боюнча орточо эмгек акы.

Кызматчынын орточо эмгек акысы кызматчы мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматта иштеген акыркы 12 айдын ичиндеги төлөмдөрдүн негизинде эсептелинет.

Жоюу же кайра уюштуруу негиздери боюнча кызматтан бошотулган кызматчылар кадрлар резервине киргизилет ("Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 30-беренеси).

## 3.4. Мамлекеттик кызматкер катары сот приставынын жоопкерчилиги

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 Мыйзамы менен мамлекеттик жарандык кызматчылардын жана муниципалдык кызматчылардын жоопкерчилиги каралган. Кызматчы мыйзамдарга ылайык тартиптик, материалдык, кылмыш-жаза жана башка жоопкерчиликке тартылат (“Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 23-беренеси).

**Мамлекеттик кызматкер катары сот приставынын тартиптик, административдик, материалдык жана кылмыш-жаза жоопкерчилиги.**

Кызматчы мыйзамдарга ылайык тартиптик, административдик, материалдык жана кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылат.

**Тартиптик жоопкерчилик - деп күнөөлүү, укукка каршы жүрүм-туруму, өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы (тартиптик жорук жасаганы) үчүн кызматчыга карата тартиптик таасир этүү (жаза) чараларын колдонуу түшүнүлөт. (“Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 24-беренеси).**

Тартиптик жорукту жасоо фактысы тастыкталган учурда кызматчыга тартиптик жаза-чара :

- мамлекеттик органдын жетекчиси тарабынан;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан салынат.

Тартиптик жорукту жасоо фактысын аныктоо же тастыктоо үчүн кызматтык териштирүү жүргүзүлүшү мүмкүн.

Кызматтык териштирүү кызматчы иштеген мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси же кызматчыларды кызмат ордуна дайындоо жана кызмат ордунан бошотуу укугуна ээ кызмат адамы (мындан ары - мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси) түзгөн мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын комиссиясы (мындан ары - комиссия), же ошол мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызматтык териштирүүлөрдү жүргүзүү боюнча атайын бөлүмү (эгерде болсо) тарабынан жүргүзүлөт.

Комиссиянын курамына коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу (эгерде болсо), этика боюнча комиссиянын өкүлдөрү, ошондой эле мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын билими кызматтык териштирүүнү толук жана ар тараптуу

жүргүзүү үчүн зарыл болгон башка түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматчылары киргизилиши мүмкүн.

Кызматтык териштирүү жүргүзүүгө катышуу үчүн комиссиянын ишине көз карандысыз эксперттер тартылышы мүмкүн.

Мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси комиссиянын мүчөлөрүнүн ичинен комиссиянын жетекчисин (төрагасын) аныктайт.

Комиссиянын курамынын максималдуу саны чектелбейт жана кызматтык териштирүүнүн көлөмү менен аныкталат, бирок так эмес санда үч адамдан кем болбошу керек.

Кызматтык териштирүүнүн жүрүшүндө административдик укук бузуулар же кылмыш жасоо белгилери жөнүндө күбөлөндүрүүчү фактылар аныкталса, кызматтык териштирүүнүн жыйынтыгы жөнүндө материалдар ал боюнча чечим кабыл алуу үчүн тийиштүү органдарга жиберилет.

Кызматтык териштирүүнү жүргүзүү үчүн негиздер:

- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын рапорттору, кызматтык каттары;
- этика боюнча комиссиянын сунушу;
- кызматтык тартип бузулгандыгы жөнүндө жазуу жүзүндөгү даттануулар, арыздар, маалыматтар;
- жалпыга маалымдоо каражаттарындагы тартиптик жорук жөнүндө билдирүүлөр;
- жасалган тартиптик жорук жөнүндө кызматчынын, же болбосо жеке же юридикалык жактардын арыздары;
- кызматтык териштирүү жүргүзүүнү дайындоо укугуна ээ мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан жорукту түздөн-түз табуусу;
- кызыкчылыктардын кагылышуусунун пайда болуу тобокелинин болушу;
- мамлекеттик же муниципалдык кызмат ордун ээлөө тартибинин бузулушун табуу (аныктоо);
- кызматчынын ага карата негизсиз айыптоону же шектенүүнү алып салуу максатында арызы (КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 29-декабрындагы № 356 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык териштирүүнү уюштуруунун жана жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Жобонун 5-п.).

**Кызматтык териштирүү төмөнкү учурларда токтотулат же жүргүзүлбөйт:**

1) фактылар чындыкка ылайык келген учурда - кызматчы жасаган жоругу үчүн өзүнүн күнөөсүн чын дилинен мойнуна алса;

2) эгерде жасалган жорукта кылмыштын курамынын белгилери табылганда, материалдарды тийиштүү мамлекеттик органга өткөрүлүп берилет (“Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 24-беренеси).

**Мамлекеттик жарандык кызматчыга жана муниципалдык кызматчыга салынуучу тартиптик жазалар**

Кызматчынын жүктөлгөн милдеттерин аткарбоо же талаптагыдай эмес аткарбагандыгы үчүн ага тартиптик таасир этүү (жаза) чараларынын төмөнкүдөй түрлөрү колдонулат:

1) эскертүү;

2) сөгүш;

3) катуу сөгүш;

4) кызмат ордунан төмөндөтүү;

5) ээлеген кызмат ордунан бошотуу.

Тартиптик жазалар жорук түздөн-түз аныкталгандан кийин, бирок ал жасалган күндөн тартып 6 айдан кечиктирилбестен колдонулат. Кызматчы өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарбаган ар бир учур үчүн же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн бир гана тартиптик жаза салынышы мүмкүн.

Кызматчыга салынган тартиптик жаза күчүндө турган мезгилде аны кызмат орду боюнча жогорулатуу мүмкүн эмес.

Тартиптик жаза кызматчыга жасалган жоруктун оордугун жана мүнөзүн, ошондой эле жорук жасалган жагдайларды эске алуу менен мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан салынат. Жасалган жоруктун оордугу жана мүнөзү, ошондой эле башка жагдайлар мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында түзүлүүчү кызматтык териштирүү жүргүзүү боюнча комиссия тарабынан аныкталат, анын ишинин натыйжасы мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисине жазанын конкреттүү түрүн колдонуу жөнүндө сунушту киргизүү болуп саналат.

Кызматтык териштирүү жүргүзүү тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

Тартиптик жазаны салууда жорук жасалганга чейинки кызматтык иштин бардык жагдайлары эске алынууга тийиш.

**Тартиптик жазаны колдонуу тартиби:**

1) Тартиптик жаза колдонулганга чейин кызматчыдан жазуу жүзүндө түшүндүрмө берүү талап кылынышы керек. Мындай түшүндүрмө берүүдөн баш тартуу персоналды башкаруу боюнча түзүмдүк бөлүм тарабынан катталууга тийиш болгон акт менен таризделет жана жаза колдонуу үчүн тоскоолдук болуп саналышы мүмкүн эмес;

2) Тартиптик жаза колдонуу жөнүндө буйрук (тескеме, токтом) ал чыгарылган күндөн тартып 3 жумуш күндүн ичинде кызматчыга кол койдуруу менен жарыяланат. Кызматчы көрсөтүлгөн буйрукка (тескемеге, токтомго) кол коюудан баш тарткан учурда тиешелүү акт түзүлөт;

3) Мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын тартиптик жазаны колдонуу жөнүндө чечиминин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү ал кабыл алынган күндөн тартып 3 жумуш күндүн ичинде кызматчыга берилет.

**Тартиптик жаза салынган күндөн тартып бир жыл бою күчүндө турат. Эгерде ушул мөөнөттүн ичинде кызматчы жаңы тартиптик жазага кабылбаса, анда анын тартиптик жазасы жок деп эсептелет.**

Мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси мөөнөт аяктаганга чейин, бирок жаза салынган күндөн тартып 6 айдан эрте эмес, ошондой эле баалоонун жыйынтыктары боюнча тартиптик жазаны алып салууга укуктуу.

**Тартиптик жазалар боюнча чечимдерге даттануу тартиби**

Тартиптик жазаны колдонуу жөнүндө чечимди кызматчы сотко даттанууга укуктуу.

Мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын тартиптик жазаны колдонуу жөнүндө чечиминин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү ал кабыл алынган күндөн тартып 3 жумуш күндүн ичинде кызматчыга берилет.

Тартиптик жазаны колдонуу жөнүндө чечимдин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү берилбеген учурда бул чечим чыгарылбаган, ал эми тартиптик жаза колдонулбаган болуп эсептелет (“Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 25-беренеси).

**Мамлекеттик жарандык кызматчылардын материалдык жоопкерчилиги**

Келтирилген зыян үчүн кызматчынын материалдык жоопкерчилиги анын күнөөлүү жана укукка каршы жүрүм-турумунун (аракетинин же аракетсиздигининин) натыйжасында келип чыгат.

Кызматчы тарабынан кызматтык ыйгарым укуктарын аткаруудагы мыйзамсыз аракеттеринин (аракетсиздигининин) натыйжасында үчүнчү жактарга келтирилген зыяндын орду ал кызматта турган мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан толтурулууга тийиш.

Мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы келтирилген зыяндын ордун бюджеттин тиешелүү бөлүмүндө ушул органды каржылоо үчүн каралган каражаттардын эсебинен толтурууга милдеттүү.

**Зыяндын ордун толтурган мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы укукка сыйбаган аракеттерди түздөн-түз жасаган кызматчыга кайтарма талаптарды (регресс) коюшу мүмкүн (“Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 26-беренеси)**.

*Мисалы: уюмдун жумушчусу кызматтык автомашинада жол кырсыгына туш болот, анын натыйжасында дабырлануучу денесинен жаракат алат. Жол кырсыгына уюмдун айдоочусу күнөөлүү деп табылат. Жабырлануучуну дарылоо натыйжасындагы зыян айдоочу иштеген уюм тарабынан төлөнөт. Жабырлануучуга зыянды төлөп берүү боюнча уюм регресс тартибинде келтирилген зыянды жумушчудан (кызматтык автомашинанын айдоочусунан) өндүрүү жөнүндө сотко кайрылууга укуктуу.*

Мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына зыян келтирилген аракеттер (аракетсиздик) үчүн кызматчы тартиптик же кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылганына карабастан кызматчы зыяндын ордун толтурат.

*Мисалы: эгерде жумушчу жасаган бузуу боюнча амнистия колдонулса.*

Эгерде сотто чечим кабыл алган адам тарабынан кызматчынын эмгек укуктары бузулганы далилденген жана анын натыйжасында соттун чечими боюнча жаранга мыйзамда каралган төлөмдөр төлөнүп берилген учурда, мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы соттун чечиминин негизинде чечим кабыл алган адамдын эмгек акысынан ал келтирген зыяндын суммасын кармап калууга милдеттүү (“**Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 26-беренеси)**.

Мамлекетке материалдык зыян келтирген кызматчылардын маалыматтык базасын жүргүзүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-

жылдын 16-майындагы **Мамлекетке материалдык зыян келтирген мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылардын маалыматтык базасын жүргүзүү жана материалдык зыяндын ордун толтуруу тартиби** № 252 токтому менен бекитилген, менен аныкталат.

**Мамлекеттик жарандык кызматчыны жана муниципалдык кызматчыны кызмат ордунан убактылуу четтетүү**

Прокурор, тергөөчү же сот тарабынан кызмат ордунан четтетүү жөнүндө токтом чыгарылган учурларда, иш боюнча акыркы чечим чыгарылганга чейин кызматчы ээлеген кызмат ордунан мыйзамдарга ылайык убактылуу четтетилет.

Кызматчы кызматтык териштирүү жүргүзүү мезгилинде мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан ээлеген кызмат ордунан (кызматчынын өзүнүн талабы боюнча териштирүү дайындалган учурлардан тышкары) четтетилиши мүмкүн.

**Кызматчы жумушунан бошотулбайт, эгерде ал өзү (кызматчы) иликтөөнү дайындоону талап кылса.**

Кызматчы кызмат ордунан кызматтык иликтөө өткөрүү менен байланыштуу убактылуу четтетилген учурларда кызматчынын эмгек акысы сакталат.

Кызматчыны кылмыш-жаза жоопкерчилигине мыйзамсыз тартуу менен келтирилген зыяндын ордун толтуруу мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат (“Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 27-беренеси).

**Административдик жана кызмыш-жаза жоопкерчилиги бузуулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин беренелеринин ченемдери боюнча жоопкерчиликке алып келген, аракеттерди мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын жасоосу үчүн болот.**

### 3.3. Кызматчынын этикалык нормаларды сактоосу

***Кызматчылардын этикалык принциптери:***

1) өзүн ар дайым мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин ак ниеттүүлүгүнө, калыстыгына жана натыйжалуулугуна жарандардын ишенимин калыптандыргандай, сактагыдай жана бекемдегидей алып жүрүү;

2) пайда көздөгөн кызыкчылыктарга жана мыйзамсыз баюуга жетишүү үчүн кызматтык абалын пайдаланууга жол бербөө;

3) сылык, сыпайы, чыдамдуу, принциптүү болуу, маселенин маңызын терең түшүнүүгө умтулуу, аңгемелешкен адамды угуу жана анын позициясын түшүнө билүү;

4) башка кызматчылар тарабынан этиканын ченемдерин бузуу фактылары аныкталган учурда Этика кодексинде каралган чараларды көрүү;

5) өзүнө баш ийген адамды укукка жат чечимдерди кабыл алууга же мыйзамсыз аракеттерди жасоого мажбурлабоо;

6) өз ишинде кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербөө;

7) кызматтык милдеттерин ак ниет аткаруу;

8) элдердин үрп-адаттарына жана каада-салттарына сый-урмат менен мамиле кылуу;

9) өзүнүн кызматтык ишине кимдир бирөө, анын ичинде ээлеген кызмат ордуна жана абалына карабастан башка кызмат адамдары тарабынан мыйзамсыз таасирге же таасир этүүгө жол бербөө;

10) мамлекеттин жана коомдун алдында моралдык жана адеп-ахлактык жоопкерчилик тартуу.

**Мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси өзүнө баш ийген кызматчылар тарабынан этиканын принциптеринин бузулушун болтурбоо жана ага бөгөт коюу боюнча бардык чараларды көрүүгө милдеттүү.**

Жогоруда баяндалгандын негизинде этикалык ченемдерди сактоо үч багыт боюнча өтөт:

- **кесиптик милдеттер;**
- **коррупцияны алдын алуу;**
- **жүрүм-турум маданияты**.

**Кызыкчылыктардын кагылышуусу**

Кызматчынын жеке (өзүнүн) кызыкчылыгы анын милдеттерин же функцияларын аткарууга таасир тийгизиши мүмкүн болгон учурларда кызыкчылыктардын кагылышуусу келип чыгат, бул жарандардын, уюмдардын же мамлекеттин укуктарын жана кызыкчылыктарын бузууга алып келет же алып келиши мүмкүн.

Мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызыкчылыктардын кагылышуусун башкаруу тартиби кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат.

Мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоо боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.

Мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси кызыкчылыктардын кагылышуусунун келип чыгуу тобокелдиги бар болсо, кызматтык териштирүү жүргүзүүнү демилгелөөгө милдеттүү.

Кызматтык териштирүүнүн натыйжалары боюнча мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси кызыкчылыктардын кагылышуусун четтетүү боюнча чараларды көрөт.

Кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоо маселеси боюнча түздөн-түз баш ийүүдөгү кызматчы кайрылган учурда мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан чараларды көрбөө ишенимди жоготкондугуна байланыштуу жетекчини кызмат ордунан бошотуу үчүн негиз болуп саналат.

Мамлекеттик органда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында, мекемеде, уюмда же ишканада этикалык ченемдерди сактоо, анын ичинде кызыкчылыктардын кагылышуусу тууралуу маселелерди кароо үчүн милдеттүү түрдө этика боюнча комиссия түзүлөт (“Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө» Мыйзамдын 22-беренеси.)

**Коррупциянын алдын алуу чаралары**

А) **кызыкчылыктардын кагылышуусун алдын алуу:**

Кызыкчылыктардын кагылышы кызматчынын жеке кызыкчылыктары алардын расмий милдеттерин же функцияларын аткаруусуна таасир эткенде пайда болот, бул жарандардын, уюмдардын же мамлекеттин укуктарын жана кызыкчылыктарын бузууга алып келет же алып келиши мүмкүн. Кызыкчылыктардын кагылышы пайда болгон же мындай чыр-чатак келип чыгышы мүмкүн болгон учурда кызматчы бул жөнүндө жетекчиге маалымдоого милдеттүү. Кызыкчылыктардын кагылышы пайда болгондо жетекчи кызматчынын кызматтык ыйгарым укуктарынын артыкчылыктарын жеке максаттарда пайдалануусуна жол бербөө максатында мыйзамдарда белгиленген чараларды көрөт.

Б) **коррупция фактыларын токтотуу:**

Кызматчыга башка кызматчылар тарабынан коррупциялык көрүнүштөрдүн фактылары белгилүү болгон учурда, ал бул жөнүндө жетекчиге, ошондой эле көрсөтүлгөн чөйрөдөгү коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу укук коргоо органдарына жазуу жүзүндө токтоосуз билдирүүгө милдеттүү. Органдын жетекчиси коррупция көрүнүшүнүн фактылары жөнүндө билдирген кызматчыны укук коргоо органдарына кайрылууга чейин коргоону камсыз кылууга милдеттүү.

**Б) кирешелерди, чыгымдарды жана мүлктү милдеттүү түрдө декларациялоону жүргүзүүгө.**

**В) белек алуу үчүн кызматтык абалды пайдаланууга укуксуз:**

кызыкдар адамдардан белектерди (акча, товарлар, кызмат көрсөтүүлөр ж. б.) алуу үчүн кызматтык абалды пайдаланууга укуксуз жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кадыр-баркына шек келтирген жагдайлардан алыс болууга тийиш;

-иш-аракет (аракетсиздик) же кызматтык милдеттерин аткарууну кийинкиге калтыруу түрүндө үчүнчү жакка белек, сыйлык же башка жеке пайда үчүн кандайдыр бир жардам сунуштоого же убада кылууга тыюу салынат;

- кызматтагы кессиптештеринен туулган күнүнө, үй-бүлөлүк майрамдарга ж.б. белек алууга жол берилет. Жыл ичинде мындай белектердин жалпы наркы кызматчынын айлык маянасынын өлчөмүнөн ашпоого тийиш.

Протоколдук жана башка расмий иш-чараларга байланыштуу кызматтык иш сапарлар учурунда кызматчыларга алынган белектер акт боюнча тиешелүү мамлекеттик башкаруу же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын менчигине берилет. Кызматчыларга белектерди мыйзамдарда белгиленген тартипте сатып алууга жол берилет.

**Жүрүм-турум маданиятына карата:**

А)кызматчыга жумуш убагында кызматтан тышкаркы иштерди жүргүзүүгө тыюу салынат;

Б) кызматчы өзүнүн иши Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын бузууга алып келиши мүмкүн болгон жагдайлардан; мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мүлктүк зыян келтирүүгө, жарандарга моралдык зыян келтирүүдөн алыс болууга тийиш.

В) кызматтык милдеттерин аткарууда кызматчы объективдүү жана башкалардын таасир этүүсүнөн эркин болууга тийиш;

Г) **кызматчынын сырткы көрүнүшү** классикалык жана ишкердик стилге ылайык келиши, тыкан жана таза болушу керек.

Д) **баарлашуу стили.** Кызматкерлер кесиптештери жана башка адамдар менен баарлашууда ак ниеттүүлүк жана ачыктык принциптерин сакташы керек.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-майындагы № 252токтому менен мамлекеттик жарандык кызматтан жана муниципалдык кызматтан терс негиздер боюнча бошотулган адамдардын реестрин түзүү, жүргүзүү, өзгөртүү жана толуктоо тартиби бекитилген.

Бул реестр Мыйзамдын 34-бер. 5-7-пункттарда (5-пункт-кызматчы тарабынан эмгек тартибин бузуу; 6-пункт-мамлекеттик кызматчылар үчүн тыюу салууларды сактабоо фактысын аныктоо; 7-пункт-мамлекеттик же

муниципалдык кызматка кирүүдө кызматчы тарабынан жасалма документтерди же атайылап жалган маалыматтарды берүү) каралган негиздер боюнча ээлеген кызматынан бошотулган кызматкерлер жөнүндө жеке маалыматтарды камтыйт.

## 4. СОТТУК ПРИСТАВДЫН ПРОЦЕССКЕ КАТЫШУУСУ

### 4.1. **Соттук приставдардын кылмыш-жаза процессине катышуусу**

КЫЛМЫШ-ЖАЗА ПРОЦЕССИ КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ ӨНДҮРҮШҮНҮН СУБЪЕКТИСИНИН БОЛУУСУН КАРАЙТ.

**Аларга төмөнкүлө кирет:**

кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруучу сот, судья, тергөө судьясы, сот арачысы (КР КЖПКнын 27-32 беренелери).

**1) Айыптоо тарабынан процесске катышуучулар:**

- прокурор
- тергөөчү, тергөө бөлүмүнүн жетекчиси
- алгачкы текшерүү органдары, алгачкы текшерүү органдарынын ыйгарым укуктуу кызмат адамдары (алдын ала тергөөчү, жетекчи).

**2) Процесстин коргоочу тараптан катышуучулары**

- шектүү, айыпталуучу, соттолгон, акталган;
- материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтуруу үчүн жооптуу жак (жашы жете элек айыпталуучунун ата-энеси, жогорку коркунуч булагынын ээси ж.б.);
- жашы жете элек шектүүнүн, айыпталуучунун, жабырлануучунун мыйзамдуу өкүлдөрү;
- балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлкекеттик органдын кызматкерлери (райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмү);
- коргоочу;
- ага карата жазык-укуктук таасир этүү чаралары колдонулуп жаткан юридикалык жактын өкүлү (КР КЖПКнын 44-57-беренелери).

**3) Жазык сот өндүрүшүнө катышуучу башка жактар:**

- күбө;
- эксперт;
- адис;
- котормочу;

- медиатор;
- сот отурумунун катчысы;
- сот приставы (КР КЖПКнын 58-64-беренелери).

КР КЖПКнын 64-беренесинде сот приставынын түшүнүгү берилген.

**Сот приставы – бул соттордун ишинин белгиленген тартибин камсыз кылуу боюнча мыйзам менен жүктөлгөн милдеттерди аткаруучу кызмат адамы.**

Сот приставы:

1) соттук отурумдун залында талаптагыдай тартипти камсыз кылат жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жазаларды салат;

2) соттук отурумдун залында катышып отурган адамдар тарабынан тартиптин сакталышын көзөмөлдөйт;

3) соттук отурумда тартипти бузган адамдардын сот залынан чыгып кетүүсү жөнүндө төрагалык кылуучунун тескөөсүн аткарат;

4) төрагалык кылуучунун сот процессинин катышуучуларынын келүүсүн камсыз кылуу менен байланышкан тескөөлөрүн аткарат.

Сот приставынын ушул беренеде каралган милдеттерди аткаруу менен байланышкан талаптары соттук отурумдун залында катышып отурган бардык жактар үчүн милдеттүү болуп саналат.

Ушундай эле жобо КР КЖПКнын ушундай эле жоболору сот приставынын жазык иши боюнча териштирүүгө катышуусун белгилеген КР КЖПКнын 296-беренесинде кайталанган.

Жогоруда КЖПКнын 64-беренесине шилтеме кылуу менен сот приставы кызмат адам экени көрсөтүлгөн.

**Колдонуудагы мыйзамдардын түшүндүрмөлөрүнө ылайык, кызмат адамы - бул бийлик өкүлүнүн функцияларын туруктуу, убактылуу же атайын ыйгарым укук боюнча жүзөгө ашырган же мамлекеттик органда же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында уюштуруу-тескөөчү, администрациялык-чарбалык функцияларды аткарган адам.**

**Кызмат адамдары жүктөлгөн функциялары боюнча төмөнкүдөй бөлүнөт:**

**1) Уюштуруу-тескөө функцияларын жүзөгө ашыруучу кызмат адамдары**. Өзүнүн кызматтык баш ийүүсүндө башка кызматкерлери бар, алардын ишин жетектеген, алардын ишин жетектеген жана уюштурган мекеменин ар бир кызматкери уюштуруу-тескөө милдеттеринин болушуна байланыштуу кызмат адамы болуп саналат. Мындай функцияларды

министрликтердин, комитеттердин, департаменттердин, ведомстволордун жетекчилери, илим, маданият, билим берүү мекемелеринин башчылары (ректорлор, проректорлор) жүзөгө ашырат;

**2) Административдик-чарбалык функцияларды жүзөгө ашыруучу кызмат адамдары** . Бул мамлекеттик мүлктү башкаруу жана тескөө боюнча ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруучу адам. Эреже катары, бул субъекттер так аныкталган функцияларды аткарышат (Эсептөө палатасы, мамлекеттик санитардык көзөмөл, мамлекеттик өрт коопсуздугу ж. б.);

**3) Атайын ыйгарым укук боюнча функцияларды аткаруучу кызмат адамдары.** Бул ага мыйзам (милиция, прокуратура органдарынын стажерлери ж.б.), ченемдик акт, жогору турган кызмат адамынын буйругу же тескемеси же ага ыйгарым укуктуу орган же кызмат адамы тарабынан жүктөлгөн белгилүү бир функцияларды аткарган адамдар.

**4) Кызмат адамдары-бийликтин өкүлдөрү -** бул мыйзам чыгаруу, аткаруу же сот бийлигин жүзөгө ашыруучу адамдар, ошондой эле алардан кызматтык көз каранды болбогон адамдарга карата мыйзамда белгиленген тартипте тескөөчү ыйгарым укуктар берилген мамлекеттик, салык же контролдоочу органдардын, ошондой эле алардын ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан уюмдар тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон чечимдерди кабыл алуу укугуна ээ кызматкерлери (мисалы: Жогорку Кеңештин депутаттары, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, Өкмөттүн мүчөлөрү, аткаруу бийлик органдарынын жетекчилери, сот адилеттиги системасынын судьялары, прокуратуранын, салык, бажы органдарынын, ИИМ, МУКК органдарынын кызматкерлери, мамлекеттик кызматта турган Аудиторлор, мамлекеттик инспекторлор, контролерлор, коомдук тартипти сактоо боюнча аларга жүктөлгөн милдеттерди аткарууда аскер кызматчылары);

Сот приставы “А” категориясындагы кызмат адамдарына кирет.

**Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышуучу жактардын коопсуздук чараларын көрүү боюнча аракеттер**

КР КЖПКнын 75-беренесинде тергөөчү, прокурор, тергөө судьясы, сот арачысы, адвокат, эксперт, адис, сот отурумунун катчысы менен бирге, ошондой эле алардын жакын туугандарына, жубайына мамлекеттин коргоосунда болуу аркылуу сот приставынын коопсуздугун камсыз кылууну караган.

**Мамлекет мыйзамда каралган тартипте иштерди сотто же сотко чейинки өндүрүштө кароого байланыштуу, алардын өмүрүнө кол салуудан же башка зомбулуктан коопсуздук чараларын көрүүнү камсыз кылат.**

**Кылмыш-жаза ишине катышкан адамдардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн чараларды көрүү механизми.**

Өндүрүшүндө иш турган орган жактардын оозеки (жазуу жүзүндөгү) арыздарынын негизинде же өзүнүн демилгеси боюнча алардын коопсуздугуна чараларын көрөт, бул жөнүндө коопсуздук чараларын көрүү тууралуу токтом чыгарат.

Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышуучу адамдардын, алардын жакын туугандарынын, жубайынын алардын коопсуздук чараларын көрүү жөнүндө арыздарды өндүрүшүндө иш турган орган, 24 сааттан кечиктирбестен кароого тийиш. Арыз ээсине тиешелүү токтомдун көчүрмөсүн жөнөтүү менен ага кабыл алынган чечим жөнүндө билдирилет.

Арызданууч анын коопсуздук чараларын көрүү жөнүндө өтүнүчү канааттандыруудан баш тартылганы боюнча прокурорго же сотко даттанууга укуктуу.

Коопсуздук чараларын көрүүдөн баш тартуу, эгерде мурда берилген арызда чагылдырылбаган жагдайлар келип чыкса, көрсөтүлгөн чараларды көрүү жөнүндө өтүнмө менен кайта кайрылууга тоскоолдук кылбайт (КЖПКнын 76-беренеси).

**Жабырлануучунун, күбөнүн, айыпталуучунун жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышуучу башка адамдардын коопсуздук чаралары**

**Өндүрүшүндө иш турган орган:**

1) зомбулук коркунучун же кылмыш-жаза мыйзамында тыюу салынган башка аракетти (аракетсиздикти) жасаган жакка кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн экени жөнүндө расмий эскертүү жасайт;

2) корголуучу адам жөнүндө маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн чектейт;

3) анын жеке коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө тапшырма берет;

4) айыпталуучуга карата кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларына зомбулук же башка кылмыштуу аракетти (аракетсиздикти) жасоо мүмкүнчүлүгүн болтурбоочу бөгөт коюу чараларын колдонот;

5) жакындоого тыюу салуу түрүндөгү кылмыш-жаза сот өндүрүшүн камсыз кылуу чарасын колдонот.

**Кылмыш-жаза иши анын өндүрүшүндө турган орган тарабынан чыгарылган алдын ала эскертүү адамга колтамгасын койдуруу менен жарыяланат.**

**Коопсуздук чаралары көрүлгөнүнө карабастан, алгачкы текшерүү органынын кызмат адамы, тергөөчү буга негиздер болгондо, жабырлануучуга, күбөгө, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышкан**

**башка адамга карата Кылмыш-жаза кодексинде тыюу салынган жосунду жасоо коркунучу аныкталганына байланыштуу, сотко чейинки өндүрүштү баштоого милдеттүү.**

Коопсуздук чараларын колдонуунун зарылдыгы жок болгондо, алар кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жүргүзгөн органдын жүйөлөштүрүлгөн токтому менен жокко чыгарылат. Корголуп жаткан адам анын коопсуздук чаралары алып салынганы же кылмыш-жаза процессине катышкан адамдарга ал жөнүндө маалыматтардын ачыкталганы жөнүндө токтоосуз маалымдалууга тийиш.

Кылмыш-жаза процессин жүргүзгөн органдын коопсуздук чараларын алып салуу жөнүндө чечимине корголуп жаткан адамдын сотко же прокурорго даттануусу даттанылган чечимдин аткарылышын токтотуп турат (КЖПКнын 77-беренеси).

### 4.2. Жарандык жана административдик процессте приставдардын катышуусу

Жарандык процесс жарандык процесстин субъекттеринин болушун карайт.

Булар жарандык ишке катышкан жактар:

**Ишке катышкан жактар:**

- тараптар (доогер жана жоопкер),
- үчүнчү жактар,
- прокурор,
- башка жактардын укуктарын коргоо үчүн сотко кайрылган адамдар,
- беренелерде каралган негиздер боюнча корутунду берүү максатында процесске кирген адамдар (КР ЖПКнын 5, 49 жана 50-беренелери)
- арыз ээлери жана өзгөчө өндүрүш иштери боюнча кызыкдар тараптар (КР ЖПКнын 36-бер.).

**Сот адилеттигин жүзөгө ашырууга көмөктөшкөн жактар:**

- эксперттер,
- адистер,
- котормочулар,
- күбөлөр.

Бүгүнкү күндө жарандык процессте сот приставынын болушу кадимки көрүнүшкө караганда сейрек кездешүүчү көрүнүш, себеби КР ЖПКде жарандык процессте сот приставынын иши жөнүндө түздөн-түз көрсөтмө жок.

ЖПКда сот приставынын жарандык процессте катышуусун болжолдогон бир нече беренелер бар.

Мында, сот жыйынында тартип маселелерин жөнгө салган ЖПКнын 160-бер. 3-п. көрсөтүлгөн:

«Ишти соттук териштирүү талаптагыдай тартипти жана процесстин катышуучуларынын коопсуздугун камсыз кылуучу шарттарда өтөт. Төрагалык кылуучу коопсуздукту камсыздоо максатында ишти териштирүүгө катышууну каалаган адамдарды текшерүүгө, анын ичинде алардын керт башын тастыктоочу документтерди текшерүүгө, алар алып кирген жүктөрдү карап көрүүгө тескеме бере алат».

Ушул ЖПКнын 160-бер. 3-п. мындай аракеттерди приставдардан башка, соттун башка кызматкерлери (соттун катчысы, соттун жардамчысы, консультант, ж.б.) жүргүзүүгө укугу жок.

ЖПКнын 161-бер.2-п. көрсөтүлгөн:

«Тартип кайталап бузулган учурда процесстин катышуучулары соттун аныктамасы боюнча соттук териштирүүнүн бүткүл убактысына же айрым бөлүгүнө сот жыйналышынын залынан чыгарылышы мүмкүн. Төрагалык кылуучу мындай учурда жыйналыш залына жаңыдан киргизилген адамды ал жок кезде жүргүзүлгөн процесстик аракеттер менен тааныштырат. Ишти териштирүүдө катышып жаткан жарандар тартипти кайталап бузгандыгы үчүн төрагалык кылуучунун тескөөсү боюнча залдан чыгарылат».

Төрагалык кылуучунун өтүнүчү боюнча мындай аракеттерди сот приставы жүргүзүүгө укуктуу деп болжолдонот.

Административдик процесс ошондой эле административдик процесстин катышуучуларынын болушун камсыз кылат.

**Административдик процесстин катышуучулары:**

- тараптар (доогер жана жоопкер),
- үчүнчү жактар,
- прокурор ( АПКнын 26-бер.),
- мамлекеттик органдар,
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары,
- башка жактардын же чөйрөсү аныкталбаган жактардын өтүнмөсү боюнча алардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын коргоо үчүн доо менен сотко кайрылган башка органдар, жарандар жана юридикалык жактар.

КР АПКда ошондой эле сот приставдарынын административдик процесстеги иши жөнүндө түздөн-түз көрсөтмө жок, бирок ЖПК сыяктуу эле, сот приставынын административдик процессте катышуусу болжолдонгон.

Бул тууралуу КР ЖПКнын 160,161-беренелеринин мазмунун кайталаган, КР АПКнын 133 жана 134-беренелери камтылган.

Сот приставынын административдик жана жарандык процесстерге катышуусу сот приставынын укуктарын жана милдеттерин жөнгө салуучу “Сот приставдары жөнүндө” Мыйзамынын 3-главасында түздөн-түз көрсөтүлгөн (Мыйзамдын 9-15-беренелери). Бул глава сот приставы катышкан сот өндүрүшүнүн түрүнө карабастан процесстин жүрүшүндө жана андан кийин сот приставынын милдеттерин жана укуктарын ачып берет.

**КОНТРОЛДУК СУРООЛОР**

1.Сот приставына аныктама бериңиз.

2.Сот приставы кызмат адамы болуп саналабы?

3.Сот приставы кызмат адамдарынын кайсы түрүнө кирет?

4.Сот приставы өзүнүн ишинде кайсы ченемдик актыларды жетекчиликке алууга тийиш?

5.Сот приставы өзүнүн ишинде кайсы мыйзам алдындагы ченемдик актыларды жетекчиликке алууга тийиш?

6. Мамлекеттик кызматкер катары сот приставы үчүн жоопкерчиликтин кандай түрлөрү бар?

7.Сот приставынын тартиптик жоопкерчилиги качан башталат?

8.Сот приставынын материалдык жоопкерчилиги качан башталат?

9.Сот приставынын кылмыш-жаза жана административдик жоопкерчилиги качан башталат?

10. Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышкан жабырлануучунун, күбөнүн, шектүүнүн, айыпталуучунун жана башка адамдардын, анын ичинде сот приставдардын коопсуздук чараларын атап бериңиз.

11. Кылмыш ишине катышкан адамдардын коопсуздугун камсыз кылууга кабыл алынуучу чаралардын механизми кандай?

12. Кайсы учурларда мамлекеттик жарандык кызматчыны жана муниципалдык кызматчыны ээлеген кызматынан убактылуу четтетүү жүргүзүлөт?

13. Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн субъекттерин атаңыз.

14. Сот приставдарынын укуктарын жана милдеттерин атап бериңиз.
15. Сот приставдар кызматынын ишин уюштуруу жана контролдоо Башкармалыгынын милдеттерин атап бериңиз.

16. Сот приставдар кызматынын ишин уюштуруу жана контролдоо Башкармалыгынын ыйгарым укуктарын атап бериңиз.

17.Ченемдик укуктук акт менен мыйзам алдындагы укуктук актынын айырмачылыктарын атаңыз;

18.Жарандын укуктук статусунун түрлөрүн атаңыз;

19. Сот приставдары кызматынын ишинин ченемдик укуктук базасы деген эмне?

20. Сот приставынын ишин кайсы мыйзамдар жөнгө салат?

21. Сот приставы кызматы боюнча ким болуп саналат?

22. Сот приставы кандай социалдык кепилдиктерге ээ?